салат. Анткени Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 6 статьясынын 3 бөлүгүндө корсотулгон, сот акыйкаттыгын жүзөгө ашырууда Жазык процесстик мыйзамын бузуу менен алынган далилдерди колдонууга жол берилбейт - деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 81 ст. ылайык, ушул Кодекстин талаптарын бузуу жол берилгис болуп саналат, ошол жол менен алынган далилдер юридикалык күчкө ээ боло албайт деп табылат жана иш боюнча чечимдин негизине алынышы, ошондой эле ушул Кодекстин 82-статьясында көрсөтүлгөн ар кандай фактыны жана жагдайды далилдөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес.

Ошол себептен жогоруда корсотулгон далилдер Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 82 статясынын негизинде далилдоо учун пайдаланышы мумкун эмес.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 15 ст. 3 б. корсотулгон, ушул Кодекске ылайык тийиштүү укуктук жол-жобонун чегинде четтетилиши мүмкүн болбогон айыптоонун далилденгендигине бардык шектенүүлөр айыпкердин пайдасына чечилет. Ошондой эле мыйзамды колдонууда келип чыккан четтетилбеген шектенүүлөр да айыпкердин пайдасына чечилүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 315 ст. ылайык, айыптоочу өкүм, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө соттолуучунун кылмышты жасоодогу күнөөлүүлүгү изилденген далилдердин жыйындысы менен ырасталган шартта гана чыгарылат жана божомолдорго негизделүүгө тийиш эмес.

Ушул кылмыш иши Токмок шаардык соту тарабынан каралып жаткан учурда, уч жолу мучулуштуктордуу жоюу учун Токмок шаарынын прокуроруна жонотулгон, биринчи жолу 2011 жылдын 28 апрелдеги Токмок шаардык сотунун токтому менен кылмыш ишиндеги мучулуштукторду жоюу учун Токмок шаарынын прокуроруна жонотулгон, бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2011 жылдын 22 сентябрдагы токтому менен айыпкерлер Аскеев Урмат Айдарбекович жана Аманбаева Шахида Арыповна жонундогу жазык иши боюнча козголгон козомол ондурушу кыскартылган. Экинчи жолу 2012 жылдын 21 февралда Токмок шаардык сотунун токтому менен кылмыш ишиндеги мучулуштукторду жоюу учун Токмок шаарынын прокуроруна жонотулгон, бирок Чуй областынын соттун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2012 жылдын 4 апрелдеги аныктамсы негизинде 2012 жылдын 21 февралдагы Токмок шаардык сотунун токтому бузулуп, иш жаныдан соттук карроого кайрадан ошол эле сотко жонотулгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2012 жылдын 8 августагы токтому менен айыпкерлер Аскеев Урмат Айдарбекович жана Аманбаева Шахида Арыповна жонундогу Чуй областык соттунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2012 жылдын 4 апрелдеги аныктамсы кучундо калтырылган. Учунчу жолу 2013 жылдын 23 апрелдеги Токмок шаардык сотунун токтому менен кылмыш ишиндеги мучулуштукторду жоюу учун Токмок шаарынын прокуроруна жонотулгон. бирок Чуй областынын соттун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2013 жылдын 18 июндагы аныктамсы менен 2013 жылдын 23 апрелдеги Токмок шаардык сотунун токтому бузулуп, иш жаныдан соттук карроого кайрадан ошол эле сотко башка курамында карроого жонотулгон. , Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2013 жылдын 5 сентябрдагы токтому менен айыпкерлер Аскеев Урмат Айдарбекович жана Аманбаева Шахида Арыповна жонундогу Чуй областык соттунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жонундо иштер боюнча соттук коллегиясынын 2013 жылдын 18 июндагы аныктамсы кучундо калтырылган.